**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

**«Бекитем»**
Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору
проф. Т.А. Абдырахманов
___________________
«___»_______________ 2023-ж.

«Бекитилди»
КУУнун Окумуштуулар кеңешинин

чечими менен протокол №_4_«_25_»_декабрь_2023-ж

**Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин**

**Илимдин доктору, профессор-насаатчы жөнүндө**

**ЖОБО**

**Бишкек -2023-ж.**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин профессор-насаатчысы жөнүндөгү жобо окумуштуулардын жарандык позициясын, өз улутунун рухий-маданий, тарыхый мурастарын урматтоосун, кесиптик ишмердүүлүгүн өркүндөтүүсүн, адеп-ахлактык артыкчылыктарын байытуусун, нарк-насилдик баалуулуктарын жогорулатуусун жана студенттердин окуу-тарбия процесси менен жаш окумуштуулардын илимий умтулууларына жетекчилик кылып, аларды даярдоого кошкон өзгөчө салымдарын калыптандыруу үчүн иштелип чыкты.

1.2. Профессор-насаатчы кызмат орду Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин штаттык ырааттамасына киргизилет. Окуу жайдын илимий иштер боюнча проректорунун буйругу менен илимий аттестациялык комиссия түзүлөт. Аталган комиссиянын сунушу менен профессор-насаатчылык орунга талапкердин маселеси илимий-техникалык кеңеште каралат. Андан кийин Окумуштуулар кеңешининин күн тартибине киргизилет. Эгерде сунуш колдоо тапса, ректордун буйругу менен бекитилет.

## 2. Профессор-насаатчы кызматына дайындоо талаптары

2.1. Профессор-насаатчы кызматына дайындоо үчүн Окумуштуулар кеңешинин чечими менен чыккан ректордун буйругу негиз болуп саналат.

2.2. Аталган кызматты ээлөө үчүн талапкер илимдин доктору даражасына жана профессор илимий наамына ээ болуш керек.

2.3. Илимий-педагогикалык иш тажрыйбасы Улуттук университетте 30 жылдан кем эмес болуусу жөн.

2.4. Басылып чыккан монографиялары жана окуу куралдарынын бар болушу шарт.

2.5. ЖАКтын тизмесине кирген журналдарга илимий эмгектеринин жарыялануусу абзел.

2.6. Бештен (5) кем эмес илимдин доктору дипломуна ээ окумуштууга илимий кеңешчи жана он бештен (15) кем эмес илимдин кандидаты дипломуна ээ окумуштууга илимий жетекчи болушу зарыл.

## 3. Профессор-насаатчынын ишмердүүлүгү

3.1. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин профессор-насаатчысынын негизги милдеттери: окуу-тарбия жана илимий-педагогикалык иштерди багыттоого жана көзөмөлдөөгө көмөктөшүү, окутуучуларга жана жаш илимпоздорго педагогикалык чеберчиликти, илимий-ишмердүүлүктүн көндүмдөрдүн ар тараптуу өздөштүрүүгө жардамдашуу.

3.2. Магистрдик жана PhD докторлук академиялык даражалуу окумуштууларды даярдоо.

3.3. Илимдин кандидаттары жана илимдин докторлору даражасына ээ окумуштууларды даярдоо.

3.4. Доцент жана профессор илимий наамдары бар окумуштууларды калыптандыруу.

3.5.Профессор-насаатчы магистранттардын, PhD докторлордун, аспиранттардын, докторанттардын квалификациялык иштерин жетектейт жана алардын диссертациялык эмгектеринин сапатына түздөн-түз жооп берет.

3.6. Профессор-насаатчынын каалоосу боюнча окуу жылында эң көп дегенде 200 сааттык окуу жүгү болушу ыктымал.

3.7. Профессор-насаатчы жаш окумуштууларга илимий иштерге байланыштуу лекцияларды окуйт жана тренинг-семинарларды ж.б. уюштурат.

3.8. Профессор-насаатчынын эмгек акысы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ректорунун буйругу менен эмгек келишимине ылайык белгиленет.